# БУУ биздин адамдык укуктарыбызды коргой алабы?

## CEDAW Конвенциясынын мисалында

Коомдордун активисттери менен талаа шарттарында же кеңселерде жолугушууларды өткөрүү үчүн колдонмо

CEDAW Конвенциясынын мисалында БУУнун эл аралык укук коргоо механизмдеринде катышуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө колдонмо. Коомдордун активисттери менен талаа шарттарында же кеңселерде жолугушууларды өткөрүү үчүн иштелип чыккан.

**Иштеп чыгуу:** CEDAW формалдык эмес Коалициясы: «Сеть Снижения Вреда» Ассоциациясы, «Астерия» КФ, «Ганеша» КФ, «Лабрис» КУ, «Подруга» КФ, «Позитивный Диалог» КФ, «Просвет» КФ, «Таис Плюс» КУ ,  «Таис Плюс Два» КУ,   «Улукман Дарыгер» КУ,  «СПИД Фонд Восток-Запад» КФ, Сеть Шах-Айым КФ, «Юристы За Права Человека» КФ курамында. Колдонмо өнүктүрүүдө IWRAW материалдары колдонулган

**Талаа апробациясы:** Таис Плюс

**Финансылык колдоо:** Фонд Сорос-Кыргызстан

**Кыргыз тилине которгон:** PROFLEADER

**Дизайн:** Бакай Ташиев

**Бишкек**, 2018

United Nations Counter-Terrorism Center

## Биз бүгүн




- Адамдын укуктары жөнүндө
- Биздин укуктар бузулуп жаткандыгы тууралуу БУУга кантип айтуу керектиги
- Мамлекет биздин статуска, тандаган ишибизге, камакта болуу тажрыйбабызга, сексуалдык багытталганыбызга жана гендердик бирдейлигибизге карабастан коргоп баштаганын күтпөстөн, биздин укутарыбыз сакталышы үчүн биз өзүбүз эмне кыла ала тургандыгыбыз тууралу сүйлөшүү үчүн чогулдук

# Бул эмне үчүн бизге керек?





- Мындай жолугушуулар биздин укуктарды коргоодо жана жактоодо коомдордон көп активисттерди тартууга жардам берет

Активист деген ким?

- Бул өзүнүн жашоосун жана жанындагылардын – үй-бүлөөсүнүн, досторунун, кесиптештеринин жашоосун жакшыртууну каалаган адам



- Адат катары реалдуу эмес, жетүүгө мүмкүн эмес болуп саналган максат, чынында, ага жетишүү үчүн аракет жасасаң эле жеткиликтүү болот!



# Талкуу үчүн суроо

**Биздин өлкөдө кимдер адам укуктарын бузууларга көбүрөөк кабылат жана эмне үчүн?**

Биз баардык ой-пикирлерди флипчарттарга жазып алабыз.



## Кимдер адам укуктарын бузууларга көбүрөөк кабылат?

- Үй-жайсыз адамдар
- Камактагылар жана эркиндигинен ажыратуу жайларынан бошотулгандар
- ЛГБТ-коомдору: лесбиянкалар, гейлер, бисексуалдуу адамдар жана трансгендерлер
- АИВ менен жашаган адамдар
- Туберкулез менен жашаган же ооруган адамдар
- Баңги заттарды колдонгон адамдар
- Майыптуулугу бар адамдар
- Мигранттар
  Секс-жумушчулар
- …



## Эмне үчүн?

- АИВ, секс-жумуш, сексуалдык багытталышы жана гендердик бирдейлүүлүгү, баңги заттарды колдонуу тууралуу мифтер жана стереотиптер
- Гомофобия жана трансфобия
- Терсаяктык жана терс коомдук пикир
- Зомбулук жасагандардын жазаланбагандыгы
- Адилеттүүлүккө ишенимдин жоктугу
- Адам укуктарын бузуу ченемдүү кабыл алынат
- Үй-бүлөсүнө жана жакындарына статусун жана иш тандоосун ачуу коркунучу
- Жалгыз туура катары таңууланган кандайдыр бир стандарттарга жана ченемдерге ылайык келбөө .
- Мисалы,  салттуу баалуулуктар
- ….

# Корутунду

Адамдардын ар кандай топтору адам укуктарын бузууларга кабылышат. Айрым учурларда жагдай, адам ар кандай коомдордун өкүлү болгону менен татаалданат.

**Мисалы:**


- Баңги заттарды колдонгон жана эркиндигинен ажыратуу жайларында камалган адамдар
- Баңги заттарды колдонгон жана секс-жумушта алектенген аялдар
- АИВ менен жашаган секс-жумушчулар
- ЛГБТ секс-жумушчулар

**Биз үчүн бири – бирибизди түшүнүү, кабыл алуу жана колдоо көрсөтүү өтө маанилүү. Биригип гана биз өзүбүздүн жашообузду жакшырта алабыз**

# Талкуу үчүн суроо

Биз баардык ой-пикирлерди флипчарттарга жазып алабыз

**Ким көп учурда биздин адамдык укуктарыбызды бузат?**



# Адам укутарын бузуучулар


- Милиция
- Саламаттыкты сактоо мекемелери
- Соттор
- Социалдык кызматтар
- Башка мамлекеттик кызматтар

**Эскертүү**

Адам укуктарын бузуу жөнүндө бузуучу катары бийлик органынын өкүлү чыккан учурда айтабыз. Эгерде зомбулукту башка жаран жасаса, мындай учурда бул аракеттер укук бузуу болуп саналбайт


# Талкуу үчүн суроо

- **Биздин укуктарды коргоо менен ким алектенүүгө милдеттүү жана алектене алат – кандай уюмда же адамдар?**
- Келгиле баардык ой-пикирлерди флипчартка жазып алабыз



**Коргоого милдеттүү**

- Укук коргоо органдары (милиция)
- Соттор
- Акыйкатчы Аппараты



**Коргой алат**


- Улуттук жана эл аралык бейөкмөт уюмдары
- Укук коргоочулар
- Адвокаттар
- БУУ коргоонун эл аралык механизмдери аркылуу
- Биз өзүбүз укуктарыбызды коргоого биригип, чыга алабыз

# Корутундулар

- Адамдардын ар кандай топтору адам укуктарын бузууларга кабылышат. Бузуулардын себептери көп учурда окшош болушат – стереотиптер, коркуу, адилеттүүлүккө ишенүүнүн жоктугу

- Биздин мамлекет укуктук болуп, бардык адамдар кагаз бетинде гана эмес, чынында да бирдей болгонго чейин биз күтүүгө даяр эмеспис.

- Биз өзүбүздүн укуктарыбызды коргоо үчүн чогуу аракеттенип, ар кандай мүмкүнчүлүктөрдү колдоно алабыз.



# Талкуу үчүн суроо

**БУУ тууралуу биз эмне укканбыз?**

- БУУ кантип чечмеленет?
- БУУнун башкы кеңсеси кайда жайгашкан (штаб-квартира)?
- Кыргызстан БУУга киреби?
- БУУну негиздөөнүн датасы?
- Дагы эмнелер?



# БУУ – Бириккен Улуттар Уюму

- Дүйнөдө тынчтыкты сактоо жана мамлекеттер арасында кызматташууну өнүктүрүү үчүн түзүлгөн.

- Негиздөөнүн датасы – **1945**
- **БУУнун Уставы** – мамлекеттер адамдын **негизги укуктарын** жана эркиндиктерин сактоого жана сыйлоого милдеттүү болгон эл аралык мамилелердин тарыхында биринчи документ.

- БУУнун мүчө-мамлекеттери: бүгүнкү күндө 193 өлкө
- Кыргызстан – **1992**-жылдан тартып БУУнун мүчөсү
- Эгерде Мамлекет БУУнун Мүчөсү болуп саналса, ал Уставдын талаптарын сактоого милдеттүү, бул адам укуктарына да тиешелүү



# Талкуу үчүн суроо

**БУУнун биздин Өкмөттөн өлкөдө адамдын укуктары сакталып жаткандыгы тууралуу билүүнүн кандай ыкмалары бар деп ойлойсуңар?**

- БУУдан кимдир бирөө өлкөгө келе алабы?
- Президентке телефон чала алабы?
- Өкмөткө кат жаза алабы?
- Бейөкмөт уюмдардан сурай алабы ?
- Дагы?



# БУУ биздин мамлекеттен адам укуктары сакталып жаткандыгы тууралуу кантип сурай алат

## Адам укуктары жөнүндө эл аралык келишимдер

- Адам укуктары жаатында 9 эл аралык келишим бар
- БУУнун ар бир мүчө-мамлекети өз эрки менен аталган келишимдерге кошулат
- Эгерде мамлекет келишимге кол койсо, анда ал ушул келишимде көрсөтүлгөн адам укуктарынын өлкөдө сакталышына жооп берет
- Биздин өлкө 9 эл аралык келишимдин ичинен 7-сү боюнча жооп берүүгө милдеттүү
- **Мисалы:** биз Кыргызстандын жарандары катары мыйзамды сактоого милдеттүүбүз, Кыргызстан да БУУнун мүчөсү катары кол коюлган документтерди сактоого милдеттүү. Эгерде биз мыйзамды бузсак, анда бизди жазалашат – айып пул салышат же камакка алышат. Эгерде өлкө БУУнун келишимдерин бузса, өлкөнү, албетте, камакка алышпайт, мындай учурларда башка механизмдер иштейт.



# Адам укуктары боюнча БУУнун комитеттери

- Адам укуктары боюнча ар бир келишимдин сакталышын БУУнун өз алдынча комитети көзөмөлдөйт
- Бүгүн биз КЛДЖ (англис тилинде - CEDAW) деп аталган эл аралык келишим жөнүндө сүйлөшөбүз. Бул аялдарга карата дискриминациянын бардык формаларын жок кылуу тууралуу конвенция.
- Бул келишимдин сакталышына көзөмөлдү CEDAW Комитети жүргүзөт.






# Аялдарга карата дискриминациянын бардык формаларын жок кылуу  тууралуу конвенция (КЛДЖ, же CEDAW)

**Бул дүйнө жүзү боюнча негизги көңүлүн аялдардын укуктарына бурган адам укуктары жөнүндө эл аралык келишим**

## Сөздөрдүн маанилери


**Конвенция** – бул эл аралык келишим. Эгерде өлкө келишимди ратификацияласа  (кол коюп, милдеттенме катары кабыл алды), анда ал милдеттүү юридикалык күчкө ээ жана аткарылууга тийиш

**Жок кылуу** – түп тамырынан жоготуу, жоюу

**Дискриминациялоонун Бардык Түрлөрү** – укуктарды кемсинтүүчү бардык нерсе

**Аялдарга карата** – кандайдыр бир белгилерге карабастан баардык аялдарга карата

**Аялдардын укуктары** - термини  бардык жаш курактагы аялдардын жана кыздардын эркиндиктерине жана укуктарына карата тиешелүү. Бул укуктар мыйзам менен бекитилиши мүмкүн, өлкөнүн мыйзамдарында жок болушу мүмкүн же мыйзамдар, жергиликтүү үрп-адаттар жана салттар менен басынтылышы мүмкүн.



# Комитет конвенциянын сакталышын көзөмөлдөйт

- CEDAW Комитети – Конвенциянын ченемдерин сактоону көзөмөлдөөчү эксперттик орган.
- **Комитет 23 мүчөдөн турат** – аялдар укуктарынын маселесинде жогорку моралдык сапаттарга жана билимдерге ээ көз карандысыз эксперт.



# Кыргызстан жана КЛДЖ

- Биздин өлкө конвенцияны 1997-жылы февралда ратификациялаган.
- Ратификациялоо – бул эл аралык келишим күчүнө кирип, аткарылууга милдеттүү болушу
- 1997-жылдан тартып Кыргызстан Конвенцияны аткаруу боюнча милдеттенме алган жана аялдардын абалын жакшыртууга милдеттүү



# Ар бир өлкөдө CEDAW Конвенциясынын аткарылышы жөнүндө Комитет кантип билет

- **4 жыл сайын** өлкөнүн Өкмөтү конвенцияга негизделип, бизде аялдардын укуктары кандай сакталып, корголуп жатканы, алдыга жылып, аткарылышы тууралуу жазуу жүзүндөгү отчет берип турууга тийиш
- Ошондой эле Комитет аялдардын уктарынын сакталышы тууралуу маалыматты бейөкмөт уюмдарынан чогултат



# Биздин жетишкендиктер

- Биз CEDAW комитетине биздин коомдордун абалдары жөнүндө эки жолу – 2015 жана 2018-жылдары жазганбыз
- Биздин отчет – бул күн сайын коомго кирген ар биринин баштан өткөргөн чыныгы жагдайдын чагылдырылышы
- 2015-жылдагы отчеттон кийин Комитет  Өкмөткө биздин коомдордун абалына көңүл бурууну сунуштаган
  - Баңги заттарды колдонгон жана ЛГБТ аялдар үчүн айыптабастан жана кемсинтпестен медициналык жана укуктук кызматтарды көрсөтүү
  - Милиция тарабынан секс-жумушчуларга каршы зомбулукту козөмөлдөөө жардам берген механизмди түзүү
  - Транс адамдарына каалаган гендери жана аты көрсөтүлгөн паспортторду алууга мүмкүнчүлүк төрдү берген механизмди түзүү










# CEDAW Комитетинин 60 - сессиясы (Женева, 2015)

**Биринчи күн**

**CEDAW Комитетине оозеки билдирүү, мында биз 5 мүнөттүн ичинде төмөнкүлөр боюнча баяндадык:**

- Милиция тарабынан укуктардын бузулушу жана зомбулук тууралуу
- Коомдун куугунтуктоосу тууралуу
- Биздин коомдорду кылмышкерлер, оору жуктуруучулар, адеп ахлагы жок жана начар адамдар катары чыгарган жалпыга маалымдоо каражаттарындагы макалалар тууралуу
- Медицина кызматтарын алууда начар мамиле тууралуу
- Балдарды бала бакчаларына жана мектептерге орноштуруу көйгөйлөрү тууралуу



# Коридорлордо иштөө

- Биз CEDAW Комитетинин бир мүчөсү менен жолугушуу жөнүндө сүйлөштүк
- Женевага келген дээрлик бардык бейөкмөт уюмдары келишти
- Аялдардын ар бир тобунун көйгөйлөрү тууралуу бири-биринен озунуп айтып беришти



# CEDAW Комитетинин 60 - сессиясы (Женева, 2015)

- **Экинчи күн**
- Ланч-брифинг – бул CEDAW Комитетинин айрым мүчөлөрү менен «түшкү тамактануу-да жолугушуу».
- Женевага келген Кыргызстандын бардык бейөкмөт уюмдары чогулушуп, ар кандай аялдардын абалы тууралуу айтып беришти
- Бардык бейөкмөт уюмдарынын чыгып сүй-лөөсүнө 10 минутадан берилет







# CEDAW Комитетинин 60 - сессиясы (Женева, 2015)

**Үчүнчү күн**

**Кыргызстандын расмий делегация-сы отчет берүүдө**

- Эмгек жана Социалдык өнүктүрүү министринин орун басары (ЭСӨМ)
- Эмгек жана Социалдык өнүктүрүү министрлигинин гендердик саясат бөлүмүнүн башчысы (ЭСӨМ)
- ИИМдин Гендердик маселелери боюнча Кеңешчиси
- Саламаттыкты сактоо министрлигинин өкүлү



# Ролдук оюун: Баарыбыз Женевада

- **Катышуучулар жана тренерлер катышышат**
- **Катышуучулар ролдорду бөлүштүрүшөт:  бейөкмөт уюмдардын, Өкмөттүн өкүлдөрү, Комитеттин мүчөлөрү**

- **1-сцена**
  - Коомдордун абалы жөнүндө Комитеттин мүчөлөрү угуп жаткан Бей-өкмөт уюумунун оозеки билдирүүсүн көрсөтүү
  - Бул учурда Өкмөт залда жок
- **2-сцена**
  - Өкмөт отчет берип, Комитетке бардыгы жакшы деп айтып жатат. Бейөкмөт уюумдар байкап отурууга гана укуктуу
  - Отчет бергенден кийин Комитеттин мүчөлөрү Өкмөткө топтордун абалы тууралуу суроо беришет, ал эми Өкмөт жооп берет

# Корутунду талкуулар

Милиция менен баарлашууда өз укуктарыңызды коргоого аракет жасайсызбы?

Сиз укуктарыңыздын бузулушу тууралуу көчө юристтерине айтып бересизби? Бул жардам береби?

**Биздин укуктарды коргоо үчүн жана CEDAW комитетине биздин топтордун адам укуктары кантип бузулуп жаткандыгы тууралуу маалыматты жеткирүү үчүн эмне кыла алабыз?**

Фокус-топторго келесизби?

Сиз изилдөөлөргө катышасызбы?

# Кайтарым байланыш



United Nations Counter-Terrorism Center




- Биз жок, биз үчүн чечимге жол жок!

- Куч  бирдикте - зомбулукту женебиз!

- Укуктар гана адилет-сиздикти токтото алат!